УДК 597.6/599

# ОШ ШААРЫНДА БАЙЫРЛАГАН ОМУРТКАЛУУ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ТҮРДҮК КУРАМЫНЫН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ АБАЛЫ

***А.М Абдыкааров, Н.М. Кудайназарова, К. Дильмурат кызы***
*Ош мамлекеттик университети, Ош, Кыргызстан*

2020-2021 – жылдардагы изилдөө жыйынтыктары антропогендик таасирлерге байланыштуу жана кескин өзгөртүлгөн жашоо аймактарга мүнөздүү болгон түрлөрдүн монодоминанттуулугун өсүүсүнүн, кээ бир түрлөрдүн мындай аймактарга синантропизацияланууусунун негизинде Ош шаарында байырлаган канаттуулардын түрдүк курамынын 88 түрдөн 73 түргө азайгандыгын, желиндүүлөрдүн түрдүк курамынын 12 түрдөн 15 түргө көбөйгөндүгүн көрсөттү. Ош шаарынын фаунасында *Ondatra zibethicus* жана *Mustella vison* биринчи жолу катталды, ал эми кызыл куйрук кум чычкан (*Meriones libycus*) алгачкы жолу синантроптук түр катары берилди.

***Негизги сөздөр:*** омурткалуу жаныбарлар; түрдүк курам; маданий ландшафт; синантроптук түрлөр; түрлөрдүн синантропизацияланууусу, антропогендик таасирлер, Кызыл китеп.

Омурткалуу жаныбарлардын маданий ландшафттардагы экологиялык нишасы ар түрдүү. Алар азык тизмегинде каскакчылдар, фитофагдар жана жырткычтар катары эң маанилүү кызмат аткарышат. Ал эми урбанизацияланган шаар экосистемаларында массалык түрдө кездешүүчү синантроптук куштар жана желиндүүлөр адамдардын күнүмдүк тиричилигине көптөгөн зыяндуу таасирлерди келтиришет. Алсак, синантроптук куштар экскременти аркылуу үйлөрдүн чатырларын, тарыхый эстеликтерди ж.б. булгап тез коррозиялык процесстердин жүрүүсүнө алып келет, түрдүү инфекциялык оорууллардын таркалуусунда да аралык ээ катары кызмат кылышат.

Урбанизацияланган аймактардагы жаныбарлар дүйнөсүнүн фаунасы адам баласынын таасиринин натыйжасында тынымсыз өзгөрүп турат. Андыктан жаныбарларды биоиндикатор карoo менен шаардын экологиялык абалына баа берүүгө болот [3].

Акыркы жылдары калктын санынын кескин өсүшү менен Ош шаары жана анын чеке белдери күчтүү антропогендик таасирлерге дуушар болуп жатат. Алсак, айдоо аянттардын көбөйүшү, түрдүү жаңы конуштардын жана көп кабаттуу үйлөрдүн түшүшү, саздуу аймактардын кургатылышы, Ак-Буура дарыясынын жээк экосистемасынын өзгөртүлүшү, акыр-чикир таштандылардын көлөмүнүн артышы ж.б. Булардын натыйжасында омурткалуу жаныбарлардын жашоо чөйрөсү өзгөрүп, кээ бир синантроптук куштардын жана кемирүүчүлөрдүн саны көбөйүп жатса, кээ бир табигый ландшафттарда байырлаган түрлөр синантроптук түрлөргө айланышууда. Мисалы, *Dryomys nitedula* 15-20 жыл эле мурда табигый токойлордо гана кездешсе, аны учурда көп кабаттуу үйлөрдөн да жолуктурууга болот. Ал эми кумдуу талааларда байырлаган *Meriones libycus* үйлөрдүн жертөлөөсүнөн жолуктуруу кадимки көрүнүш болуп калды.

Демек, бир жагынан адам баласынын тиричилик аракети жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн жабыркатып, алардын жашоосуна терс таасирин тийгизсе, экинчи жактан кээ бир түрлөрдүн жашоосу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп, алардын санын көбөйүшүнө алып келет.

Андыктан да антропогендик таасирлер күчөп жаткан шартта шаар экосистемасындагы омурткалуу жаныбарлардын фаунасын аныктоо, алардын бүгүнкү күндөгү абалына баа берүү бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат.

**Материал жана изилдөө усулдары**

Ош шаары Алай кырка тоолорунун түндүк-чыгыш, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Ош шаарынын башка шаарлардан өзгөчөлүгү шаардын ортосунан Ак-Буура дарясынын агып өтүшү жана Сулайман-Тоонун болушуна байланыштуу.

Ош шаарында байырлаган омурткалуу жаныбарлар, анын ичинде синантроптук куштар акыркы мезгилдерде А.М.Абдыкааров жана К.Ы.Стамалиев [1, 2, 9], Кыргызстандын түштүк аймагынын, анын ичинде Ош шаарынын териофаунасы Б.К.Кулназаров [7], герпето-батрахофаунасы Абжамилов С.Т. [4], чычкан сымал кемирүүчүлөрү У.А.Атабеков [6] тарабынан изилденген.

Омурткалуу жаныбарлардын түрлөрүнүн систематикалык тизмеси “Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларынын систематикалык тизмеси” (2010) [8], ал эми түрлөрдүн кыргызча аталыштары А.А.Алдашевдин “Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгүнүн (1998) [5] негизинде түзүлдү.

**Изилдөө жыйынтыктары**

**Балыктар (Osteichthyes).** Учурда Ак-Буура дарыясынын шаар чегинде жана ага тиешелүү каналдарда 4 түр балыктардын – *Schizothorax intermedius* Mc' Clelland, 1842; *Glyptosternon reticulatum* Mc' Clelland, 1842; *Tryplophysa stoliczkae* (Steindachner, 1866) жана *Cottus spinulosus* Kessler, 1872 кездешээри белгилүү болду. Бирок, акыркы мезгилдерде Ак-Буура дарыясынын жээктерине жеке менчик балык чарбачылыктары көп уюштурулуп, аларда негизинен *Cyprinus carpio* Linnaeus, 1758*); Stenapharingodon idella* (Valenciennes, 1844) жана *Hipophthalmichthus molitrix* (Valenciennes, 1844) өстүрүлүп жаткандыгы анык болду. Андыктан, Ак-Буура дарыясынын ихитофаунасы жогоруда берилген 4 түр менен чектелбейт.

**Амфибиялар (Amphibia*).*** Ош шаарында кездешкен амфибиялардын түрдүк курамы жарды болуп 2 гана түрдөн (*Rano ridibunda Pallass, 1771* жана *Bufo pewzowi* Bedriaga, 1898) турат.

**Рептилиялар (Reptilia).** Бирок, биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыгы Ош шаарында

рептилиялардын 4 тукумга таандык 5 гана түрдөн турарын көрсөттү. Алар: *Testudo horsfieldi* Gray, 1844; *Cyrtopodion russowi* (Strauch, 1887); *Ablepharus (Asymblepharus) alaicus* (Elpatjevsky, 1901); *Ophisaurus apodus* (Pallas, 1875) жана *Natrix tessellata* (Laurenti, 1768).

**Куштар (Aves).** А.Абдыкааровдун (2005) [1], А.Абдыкааровдун жана К.Стамалиевдин (2014) [2] изилдөө жыйынтыктары боюнча Ош шаарында жана анын чеке белдеринде 116 түр, ал эми Ош шаарында 88 түр куштардын байырлагандыгы белгилүү болсо, 2019-2020 – жылдардагы изилдөөлөрүбүздүн натыйжасында Ош шаарында 73 түр гана куштар катталды. Аларды кыраан куш сымалдар (Falconiformes) – 5, тоок сымалдар (Galliformes) – 2, турна сымалдар (Gruiformes) – 1, маарак сымалдар (чулдуктар) – (Charadriiformes) – 2, көгүчкөн сымалдар (Columbiformes) – 4, күкүк сымалдар (Cuculiformes) – 1, үкүлөр (Strigiformes) – 2, кардыгачтар (Apodiformes) – 2, көк карга сымалдар (Coraciiformes) – 5, тоңкулдак сымалдар (Piciformes) – 1, таранчы сымалдар (Passeriformes) – 48 түр. Таранчы сымалдар түркүмүнөн 17 тукумдун өкүлдөрүнүн кездешээри аныкталды. Алар: чабалекейлер (Hirundinidae) – 3, торгойлор (Alaudidae) – 2, жылкычы кучкачтар (Motacillidae) – 3, борбаштар (Lanidae) – 3, сары барпылар (Oriolidae) – 1, чыйырчыктар (Sturnidae) – 3, карга сымалдуулар (Corvidae) – 7, суучул каралар (Cinclidae) – 2, королуулар (Troglodytidae) – 1, боз шалкылар (Sylviidae) – 2, таркылдактар, чымынчылар (Muscicapidae, turdidae) – 4, кашка чымчыктар (Paridae) – 4, көк текелер (Sittidae) – 1, чыйпылдак чымчыктар (Certhiidae) – 1, таранчылар (Ploceidae) – 2, мукурлар, кунактар (Fringillidae) – 5, думбул сымалдуулар (Emberizidae) – 3 түзөт.

2020-2021 – жылдардагы Ош шаарынын авифаунасын изилдөөнүн жыйынтыгында 15 түр, т.а. Ак-Буура дарыясында сейрек кездешкен *Anas platyrhynchos* Linnaeus, 1758 жана *Larus ridibundus* Linnaeus, 1766; жырткыч куштардан *Neophron percnopterus* Linnaeus, 1758; *Gypaetus barbatus* Linnaeus, 1758; *Aegypius monachus* Linnaeus, 1766; камыштуу саздардын жоголушунан *Acrocephalus scirpaceus* Hermann, 1804; миграция учурунда катталып жүргөн *Phylloscopus trochilus* Linnaeus, 1758; *Ph. collybita* (Viellot, 1807); *Ph. Sibilatrix* (Bechstein, 1793); *Phoenicurus erythrogaster* (Guldenstadt, 1775); *Serinus pusillus* (Pallas, 1811); *Carduelis carduelis* Linnaeus, 1758; *Leucosticte nemoricola* (Hodgson, 1836); *Carpodacus rhodochlamys* Brandt, 1843) жана *Emberiza rustica* Pallas, 1876 кездешкен жок.

**Желиндүүлөр (Mammalia).** 2013-2014-жылдардагы изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыктаынрда Ош шаарында 12 түр желиндүүлөрдүн кездешээри берилсе [2], 2020-2021 – жылдардагы изилдөөлөрүбүздөн Ош шаарында 15 түрдүн байырлагандыгы аныкталды. Аларды каскакчылдардан (Insectivora) - 2 түр (*Sorex minitus* Linnaeus, 1766; *Hemiechinus auritus* Gmelin, 1770; жырткычтардан (Carnivora) – 3 түр (*Vulpes vulpes* Linnaeus, 1758; *Canis ureus* Linnaeus, 1758; *Mustella vison* (Schreber, 1777); кемирүүчүлөрдөн (Rodentia) – 9 түр (*Dryomys nitedula* (Pallas, 1779); *Mus musculus* Linnaeus, 1758); *Apodemus sylvaticus* Linnaeus, 1758; *Rattus turkestanicus* (Satunin, 1903); *Rattus norvegicus* (Berkentheut, 1769); *Microtus arvalis* (Pallas, 1779); *Ellobius tancrei* Blasius, 1884; *Meriones libycus* Lichtenstein, 1823; *Ondatra zibethicus* (Linnaeus, 1766) жана коён сымалдардан (Lagomarpha) – 1 түр (*Lepus capensis (tolai)* Linnaeus, 1758) түзөөрү аныкталды.

2013-2014-жылдардагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгында жырткычтар (Carnivora) түркүмүнүн өкүлдөрү катталган эмес. Акыркы мезгилдерде шаардын чеке белдеринде *Vulpes vulpes* менен *Canis aureus* катталып жатат. Ак-Буурага жана каналдарга жакын жайгашкан Озгур жана Төлөйкөн айылдарында *Mustella vison* дун көбөйүп жаткандыгы белгилүү болду. Алар бир жагынан *Ondatra zibethicus* тун санынын азайып жатышына себеп болуп саналышса, экинчи жактан сууга жакын жайгашкан жергиликтүү калктын тоокторуна кол салып жаткандыгы көп катталууда. Кемирүүчүлөр (Rodentia) түркүмүнөн *Meriones tamariscinus* Pallas, 1773 катталган жок. Бирок, Ош шаарында байырлаган кемирүүчүлөрдүн курамына жаңы түр катары *Ondatra zibethicus* киргизилди. Ал эми *Meriones libycus* алгачкы жолу синантроптук түр катары берилди.

Биздин изилдөөлөрүбүз күндүзү жүргөндүктөн жарганаттар же кол канаттар (Chiroptera Blumenbach, 1779) изилдөөгө алынбады жана Ош шаарынын териофаунасына киргизилген жок.

Ош шаарынын аймагында байырлаган омурткалуу жаныбарлардын ичинен Кыргызстандын Кызыл китебине 5 түр киргизилген: 1) түркестан жаяны *(Glyptosternum reticulatum);* 2) Орто Азия ташбакасы *(Testudo (Agrionemys) horsfieldi),* 3) сары жылан *(Ophisaurus (Pseudopus) apodus) 4)* боздоң күйкө же наумандын күйкөсү *(Falco naumanni)* жана 5) ак канат тоңкулдак *(Dendrocopos leucopterus)* (табл.).

Кызыл китептеги түрлөрдөн *Glyptosternon reticulatum* Ак-Буура дарыясында кеңири кездешкен түр болуп саналат. Сойлоктордон *Testudo (Agrionemys) horsfieldi* жана *Ophisaurus (Pseudopus) apodus* шаар четиндеги шалбааларда жана талааларда, куштардан *Falco naumanni* адырлуу талааларда, *Dendrocopos leucopterus* бактарда кездешет. Амфибиялардан Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген түрлөр кездешпегенине карабастан жакынкы эле мезгилде көп санда кездешкен *Rano ridibunda* жана *Bufo pewzowi* шаардын аймагында жоголуу коркунучунда турат. Ал эми желиндүүлөрдөн *Ondatra zibethicus* сейрек кездешүүчү түр болуп саналат.

Ош шаарында байырлаган 15 түр куштар жана 5 түр сүт эмүүчүлөр биомертинтүүчү синантроптук түрлөр болуп саналашыт. Аларды куштардан *Columba livia, Streptopelia decaocto, Streptopelia senegalensis, Hirundo rustica, Hirundo daurica, Delichon urbica, Sturnus vulgaris, Sturnus roseus, Acridotheres tristis, Pica pica, Corvus monedula, Corvus frugilegus, Turdus*

*merula, Passer domesticus, Passer montanus* жана желиндүүлөрдөн *Mus musculus, Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus, Meriones libycus, Ellobius tansrei* түзөт.

Таблица. Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген омурткалуу жаныбарлардын систематикалык тизмеси

| № | Түрдүн аталышы | | | Кезде-шиши |
|---|---|---|---|---|
| | Кыргызча | Латынча | Орусча | |
| **Сөөктүү балыктар классы (Osteichthyes)** | | | | |
| 1 | Түркестан жаяны, жаян балык | *Glyptosternum reticulatum* McClelland, 1842 | Туркестанский сомик | +++ |
| **Сойлоктор классы (Reptilia)** | | | | |
| 2 | Орто Азия ташбакасы | *Testudo (Agrionemys) horsfieldi* Gray, 1844 | Среднеазиатская черепаха | + |
| 3 | Сары жылан | *Ophisaurus (Pseudopus) apodus* Pallas, 1775 | Желтопузик, глухарь | + |
| **Куштар классы (Aves)** | | | | |
| 4 | Наумандын күйкөсү | *Falco naumanni* Fleischer, 1818 | Степная пустельга | ++ |
| 5. | Ак канат тоңкулдак | *Dendrocopos leucopterus* (Salvadori, 1871*)* | Белокрылый дятел | + |

Эскертүү: + - өтө сейрек кездешет; ++ - сейрек кездешет; +++ - кадимки түр болуп саналат.

**Корутунду**

2020-2021 – жылдардагы изилдөө жыйынтыктары Ош шаарында антропогендик таасирлерге байланыштуу токойлордо, саздуу аймактарда, дарыя жээктеринде кездешкен омурткалуу жаныбарлардын түрлөрүнүн азайып, кээ бир төрлөрдүн синантропизацияланууусунун жүрүп жаткандыгын күрсөттү. Ош шаарынын фаунасында *Ondatra zibethicus* жана *Mustella vison* биринчи жолу катталды, ал эми кызыл куйрук кум чычкан (*Meriones libycus*) алгачкы жолу синантроптук түр катары берилип жатат.

***Колдонулган адабияттардын тизмеси***

1. Абдыкааров А.М. Птицы города Ош и его окрестностей: автореф. дис. …канд. биол. наук: 03.00.08 / А.М.Абдыкааров. Бишкек, 2005. – 25 с.

2. Абдыкааров А.М., Стамалиев К.Ы. Ош шаарындагы омурткалуу жаныбарлардын фаунасы / Вестн. ОшГУ. Сер. естеств. наук. – 2014. Спец. вып. – С.140-143.

3. Абдыкааров А.М., Стамалиев К.Ы. Птицы как биоиндикаторы экологического состояния г. Ош и его окрестностей \\ Вестник ОшГУ. Ош, 2001. – С.71-78.

4. Абжамилов С.Т., Мамашов Т.А. К состоянию батрахофауны г. Ош и его окрестностей \\ Исследование живой природы Кыргызстана. Бишкек, 2013. – С.30-33.

5. Алдашев А.А. Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү. Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1998. -296б.

6. Атабеков У.А. Түштүк Кыргызстандагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн фаунасы: автореф. дис. …канд. биол. наук: 03.02.04 / У.А.Атабеков. Бишкек, 2013. – 24с.

7. Кулназаров Б.К. Млекопитающие юга Кыргызстана, проблемы их охраны. Бишкек, 2008. – 216 с.

8. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана. –Бишкек, 2010. –116 с.

9. Стамалиев К.Ы. Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларынын таранчы сымал (Passeriformes) канаттуулары: автореф. дис. …канд. биол. наук: 03.02.04 / К.Ы.Стамалиев. Бишкек, 2014. – 26 с.